# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

## КОЧКОР-АТА КОЛЛЕДЖИ

МАКУЛДАШЫЛДЫ
КАКтын педагогикалык кеңеши
№_3_ протоколу
“_17_” ___12___ 202_4_-ж.

БЕКИТЕМ
КАКтын директору т.и.к.
Б.С.Назарбаева ________
“_17_” ___12___ 202_4_-ж.

# КАКтын окуу жүктөмдөрүн пландоо жана эсепке алуу боюнча убакыт ченеми жөнүндө ЖОБОСУ

КОЧКОР-АТА – 2024

Мазмуну

1.Жалпы жобо-----------------------------------------------------------------------------------------3

2.Окуу иштери-------------------------------------------------------------------------------------4

3. Окуу иштерин (академиялык) пландаштыруу ченеми--------------------------------------5

4. Окуу-усулдук иштерин пландаштыруу ченеми--------------------------------------------- 7

5. Илимий-усулдук иштерин пландаштыруу ченеми----------------------------------------8

6. Коомдук-тарбиялык, уюштуруу иштерин пландаштыруу ченеми------------------------ 8

7. Практикалык иштерге жетекчилик кылуу____________________________________9

8. Сырттан окутуу (Дистанттык билим берүү)-----------------------------------------------9

9. Колдонулган адабияттар----------------------------------------------------------------------------- 10

**Жалпы жобо**

1. Орто кесиптик билим берүү программалары боюнча инженердик-педагогикалык курамынын педагогикалык жүктөмүн пландоо жана эсепке алуунун "Убакыт ченемдери" төмөнкү докмент-терге ылайык иштелип чыкты:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 19-январындагы №18-токтомунун 7-пунктуна;
- Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11 -августундагы №179 «Билим берүү тууралуу» мыйзамына;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине 04.08.2004-ж. (2023-ж. 07.08. өзгөртүүлөр, толуктоолор киргизүү менен);
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-майындагы № 181 «Билим берүү системасынын педагогикалык кадрлары жана айрым категориядагы кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары тууралуу» токтомуна (4-тиркеме);
- Билим берүү системасындагы кызматкерлердин айрым категорияларына эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30.09.2019 жылынын №511 токтомунун 6-тиркемесинин негизинде киргизилген)
- Кочкор-Ата колледжинин Уставына;

2. Убакыт ченемдери эмгекти сарамжалдуу пайдалануу окуу, методикалык, илимий, уюштуруучулук жана тарбиялык иштердин жогорку сапатын камсыз кылуу максатында инженердик-педагогикалык курамдын (мындан ары - (ИП К) педагогикалык жүгүнүн ар кандай түрлөрүн бөлүштүрүү максатын көздөйт.

3. Убакыт ченемдери иштин бардык түрлөрү боюнча ИПКнын педагогикалык жүгүнүн көлөмүн түзүү жана аны ээлеген кызмат ордун жыл сайын түзүлүүчү окутуучунун педагогикалык ишмердүүлүгүнүн жеке пландарын эске алуу менен аткаруу үчүн база болуп эсептелет.

4. Кесиптик орто билим берүү программалары үчүн педагогикалык жүктүн толук (1,0) ставкасынын көлөмү жылына 1550 сааттан ашпайт.

5. Белгиленген жылдык жумуш убактысынын чегинде ИПК үчүн окуу, методикалык, илимий, уюштуруучулук жана тарбиялык иштердин бардык түрлөрүн окутуучунун ээлеген кызматына жана жеке планына ылайык аткаруу милдеттүү болуп саналат.

6. ИПКнын милдеттерине төмөнкүлөр кирет:

- Ар кайсы дисциплиналар боюнча жумушчу окуу пландарын, окуу-методикалык комплектерди иштеп чыгуу;
- Практикалык (лабораториялык) сабактарды өткөрүү;
- Практикалык (лабораториялык) сабактардын мазмунун, текшерүү иш жана өз алдынча иштердин тапшырмаларын иштеп чыгуу;
- Билим алуучулардын чыгармачыл өнүгүүсүнө өбөлгө түзүүчү окутуунун инновациялык педагогикалык методдорун, сабактар үчүн жаңы дидактикалык материалдарды окуп, үйрөнүп, иштеп чыгуу;
- окутуунун жыйынтыктарын текшерүү;
- даярдоонун багыты (адистиги) боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү;
- окуу куралдарын, окуу-методикалык колдонмолорду, илимий эмгектер менен макалаларды жазып, басмага чыгаруу;
- илимий-практикалык конференцияларга, семинарларга, тегерек столдорго ж.б.у.с. катышуу;
- билим алуучулардын илимий изилдөө иштерине жетекчилик кылуу, чыгармачыл студенттик жамааттардын ишине көмөктөшүү;
- окуу жайдын коомдук иштерине катышуу.

7. Эмгек өргүүнү эске албастан каникулдарды эске алуу менен окуу жылынын мезгили ИПКнын жумуш убактысы болуп эсептелет. Бул мезгилдерде КАКтын администрациясы ИПКнын педагогикалык жүктөмүнүн жалпы толук (1,0) жылдык ставкасынан ашпаган убакыттын чегинде педагогикалык иштин ар кандай түрүнө тартууга укуктуу.

8. Бөлүмдөрдө ИПКнын жылдык толук педагогикалык жүгүнүн (1 ставка) жалпы көлөмү төмөндөгү таблица боюнча аныкталат:

| к/№ | Кызмат орундар | Академиялык саат окуу жүктөмүнүн көлөмү | Жалпы кредити | Практикалык минимум | Окуу-усулдук, уюштуруу-усулдук иштер | Жалпы кредити | Жалпы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Окутуучу | 720 | 24 | 720 | 830 | 27 | 1550 |
| 2 | Инженер (окутуучу) | 720 | 24 | 720 | 200 | 6 | 920 |

9.Штаттык окутуучу (иш сапары, стажировка, оору ж.б.) жумушта жок болгон учурда ошол мөөнөт ичинде окуу жүктөмү алмаштыруу журналына каттоо менен башка окутуучулар тарабынан, алардын макулдугусузже ыктыярдуу аткарылат аткарган саатына жараша тиешелүү төлөм (тактама аркылуу) жүргүзүлөт. Бул учур ИПКнын белгиленген толук окуу жүктөмүнүн көлөмүнө кирбейт.

**Администрациялык жана педагогикалык ишмердүүлүгүн натыйжалуу айкалыштыруу максатында кызмат орундарын айкалыштырууга жол берилүүчү ченемдерин белгилөө:**

-административдик-башкаруу персоналына, окуу-көмөкчү персоналына – 0,5 ченден ашык эмес;

- толук (1,0) ченде иштеген ИК- 0,5 ченден ашык эмес;
- айкалыштырып иштеген ИК (сырткы айкалыштыруу) - 0,5 ченден ашык эмес, саатына төлөнүүчү окуу жүгү 360 сааттан ашпашы керек.
- Айкалыштыруу шартында иштеп жаткан ИКнын окуу жүгүн пландоо штаттагы окутуучунун толук (1,0) ставкасынын төрттөн бир үлүшүндө ишке ашырылат
- Эгерде административдик башкаруу персоналына 0,5 чен көлөмүндө кызмат берилсе, анада ал кызматкердин негизги жумуш орду административдик башкаруу персоналы деп эсептелбейт

**Окуу иштери**

1. Колледждеги инженердик-педагогикалык курамдын ишмердүүлүгүнүн негизин окуу иштери түзөт. Ал окуу сабактарынын бардык түрлөрүн пландаштырууну, уюштурууну, өткөрүүнү, окуу материалдарын өздөштүрүү боюнча текшерүүнүн түрлөрүн жүргүзүү, өз алдынча иштердин тапшырмаларынын аткарылышын жана башка иш-чараларды камтыйт.
2. Сабактардын академиялык сааты кредиттик технологиянын талаптарына ылайык узактыкке 50 минута деп белгиленет.
3. Бюджеттик негизде 1-курстардын саны министрлик тарабынан сунуш кылынган

кабыл алуу планынын негизинде аныкталат 2,3,4-курстарда окуу тайпадагы студентердин саны КАК тарабынан бөлүнгөн каржы көлөмүнүн тегерегинде белгиленет.

4. Келишимдик негизде окуган тайпалардагы студентердин саны эреже катары 20 дан кем эмес, аудиториянын чарчы метрине, бюджеттик эмес каржылоонун көлөмүнө ылайык аныкталат.
5. Чет тилдерин окутуу боюнча окуу жүктөмдөрүн аныктоодо студентердин санын экиге бөлгөндө 12ден кем болбогон кичи тайпаларга бөлүп окутууга уруксат берилет.
6. Лабораториялык сабактарды адистештирилген лабораторияларда өткөрүүдө коопсуздукту сактоо максатында академиялык тайпа 12ден кем эмес студенттен турган кичи тайпага бөлүнөт.
7. Мамлекеттик аттестацияларды өткөрүүдө (мамлекеттик сынактарды кабыл алууда) AVN системасында компьютер аркылуу жүргүзүлөт.
8. Практикалык, лабораториялык сабактар, өз алдынча иштерге берилүүчү тапшырмалар жана алардын аткарылышы жогорку деңгээлде болуу менен жаңыча усулдар менен өтүлүшү керек.
9. Студентердин өз алдынча иштөөсү жалпы сааттын 49% сааттык көлөмүн түзөт.
10. Милдеттүү бөлүктүн көлөмү мамлекеттик аттестациянын көлөмүн эсепке албаганда, негизги билим берүү программасынын жалпы көлөмүнүн 51% кем эмес болушу керек.

## Окуу иштерин (академиялык) пландаштыруу ченеми

| №/№ | Иштин түрү | Жумуш бирдиги | Убакыт ченеми (саат менен), n-студенттин саны | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Лекциялык сабактарды өтүү | 1 акад.саат окуу планы боюнча | 50 минута | Лекциялык сабак бир тайпада окутулат. Англис тили кичи тайпаларга бөлүнөт. |
| 2 | Практикалык сабактарды өтүү | 1 акад.саат окуу планы боюнча | 50 минута | Практикалык сабак бир тайпада окутулат. Англис тили кичи тайпаларга бөлүнөт. |
| 3 | Лабораториялык сааттарды өтүү | 1 акад.саат окуу планы боюнча | 50 минута | Лабораториялык сабак кичи тайпага бөлүнүп окутулат. |
| 4 | Модулдарды кабыл алуу | 1 тайпага ар бир модуль үчүн (Компьютердик тесттирлөөдөн башка учурда)<br><br>1 тайпага ар бир модуль үчүн (Компьютердик | 0,5*n<br><br>0,1*n | Дисциплинанын өзгөчөлүгүнө жараша компьютердик тесттирлөөдөн КАКтын педагогикалык кеңешинин чечими менен бошотулат.<br><br>Тайпадагы студенттин саны 20 дан ашкан учурда, убакыт ченеми |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | тесттирлөө учурунда) | | эки эсеге көбөйтүлөт |
| 5 | Жыйынтык текшерүүнү кабыл алуу (экзамен) | 1 тайпага (компьютердик тесттирлөөдөн башка учурунда)<br><br>1 тайпага (компьютердик тесттирлөө учурунда) | 0,5*n<br><br>0.1*n | Дисциплина өзгөчөлүгүнө жараша компьютердик тесттирлөөдөн КАКтын педагогикалык кеңешинин чечими менен бошотулат<br><br>Тайпадагы студенттин саны 20 дан ашкан учурда, убакыт ченеми эки эсеге көбөйтүлөт |
| 6 | Кыргыз тили жана адабияты, Кыргызстандын тарыхы, Кыргызстандын географиясы Мамлекеттик сынакка консультация берүү | Бир академиялык тайпага | 6 саат | МАнын дисциплиналары боюнча төмөндөгүдөй бөлүштүрүлөт:<br>Кыргыз тили жана адабияты дисциплинасына 2 саат<br>Кыргызстандын тарыхы дисциплинасына 2 саат<br>Кыргызстандын географиясы дисциплинасына 2 саат |
| 7 | Кыргыз тили жана адабияты, Кыргызстандын тарыхы, Кыргызстандын географиясы Мамлекеттик сынагын кабыл алуу | Бир академиялык тайпага | 6 саат | Комиссия мүчөлөрү 5 кишиден ашпайт. Комиссиянын төрагасына 2 саат жана ар бир мүчөсүнө 1 тайпага жалпы 4 саат. |
| 8 | Дисциплиналар аралык мамлекеттик сынагына консультация берүү | Бир академиялык тайпага | 6 саат | МАнын ар бир дисциплинасына 2 сааттан жалпы 6 саат ( 3 дисциплинага) |
| | Дисциплиналар аралык мамлекеттик сынагын кабыл алуу | Бир академиялык тайпага | 6 саат | Комиссия мүчөлөрү 5 кишиден ашпайт. Комиссиянын төрагасына 2 саат жана ар бир мүчөсүнө 1 тайпага жалпы 4 саат. |

**Окуу иштери боюнча жалпы кредит - 24, сааты 720 саат**

## Окуу-усулдук иштерин пландаштыруу ченеми

| к/<br>№ | Иштин түрү | Окуу жүктөмүнө бөлүштүрүлүшү | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| 1 | Окуу-усулдук комплестерди даярдоо<br><br>- Сабактарга даярдануу:<br>а) лекциялык<br>б) практикалык<br>в) лабораториялык<br><br>- Жумушчу программаларды түзүү<br><br>- Силлабус түзүү<br><br>- Модулдук система боюнча текшерүүнүн суроолорун, тесттик тапшырмаларды түзүү жана AVN системасына жүктөө<br><br>- Окуу дисциплинасы боюнча дидактикалык материалдарды даярдап чыгаруу<br>- Окуу дисциплинасы боюнча видео жана аудиокаражаттарына жазуу иштерин түзүү, слайддарды жасоо | 10 саат<br><br><br>1 саатка 1 саат<br>1 саатка 1саат<br>1 саатка 1 саат<br><br>1 сабакка 10 саатка чейин<br><br>1 сабакка 10 саатка чейин<br><br>1 иштелме үчүн 10 саатка чейин ( иштелме 30 суроодон кем болбоосу керек)<br><br>1 комплект 40 саат<br><br>1 сабакка 30 саат | Даярдоо<br>Оңдоп-түзөө (корректировкалоо<br>Дидактикалык материалдарды иштеп чыгуу(аудиоматериал, видеоматериал, көргөзмө курал ж.б.)<br>Жалпы программалап иштеп чыгуу |
| 2 | Өз алдынча иштерди уюштуруу жана текшерүү<br><br>- Студенттердин өз алдынча иштеринин отчетун талкуулоо боюнча семинар, тегерек стол, конференция өткөрүү | 1 студентке 0.5 саат<br><br>1 студентке 0.5 саат | Өз алдынча иштердин темаларын бекитип даярдоо (30%)<br>Анализдеп текшерүүгө ( 70%) |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | тесттирлөө учурунда) | | эки эсеге көбөйтүлөт |
| 5 | Жыйынтык текшерүүнү кабыл алуу (экзамен) | 1 тайпага (компьютердик тесттирлөөдөн башка учурунда)<br><br>1 тайпага (компьютердик тесттирлөө учурунда) | 0,5*n<br><br>0.1*n | Дисциплина өзгөчөлүгүнө жараша компьютердик тесттирлөөдөн КАКтын педагогикалык кеңешинин чечими менен бошотулат<br><br>Тайпадагы студенттин саны 20 дан ашкан учурда, убакыт ченими эки эсеге көбөйтүлөт |
| 6 | Кыргыз тили жана адабияты, Кыргызстандын тарыхы, Кыргызстандын географиясы Мамлекеттик сынакка консультация берүү | Бир академиялык тайпага | 6 саат | МАнын дисциплиналары боюнча төмөндөгүдөй бөлүштүрүлөт:<br>Кыргыз тили жана адабияты дисциплинасы-на 2 саат<br>Кыргызстандын тарыхы дисциплинасына 2 саат<br>Кыргызстандын географиясы дисциплинасына 2 саат |
| 7 | Кыргыз тили жана адабияты, Кыргызстандын тарыхы, Кыргызстандын географиясы Мамлекеттик сынагын кабыл алуу | Бир академиялык тайпага | 6 саат | Комиссия мүчөлөрү 5 кишиден ашпайт.<br>Комиссиянын төрагасына 2 саат жана ар бир мүчөсүнө 1 тайпага жалпы 4 саат. |
| 8 | Дисциплиналар аралык мамлекеттик сынагына консультация берүү | Бир академиялык тайпага | 6 саат | МАнын ар бир дисцип-линасына 2 сааттан жалпы 6 саат ( 3 дисциплинага) |
| | Дисциплиналар аралык мамлекеттик сынагын кабыл алуу | Бир академиялык тайпага | 6 саат | Комиссия мүчөлөрү 5 кишиден ашпайт.<br>Комиссиянын төрагасына 2 саат жана ар бир мүчөсүнө 1 тайпага жалпы 4 саат. |

**[illegible] боюнча жалпы кредит - 24, сааты 720 саат**

## Окуу-усулдук иштерин пландаштыруу ченеми

| № | И[redacted]ин түрү | Окуу жүктөмүнө бөлүштүрүлүшү | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| 1 | Окуу-усулдук комплестерди даярдоо<br><br>- Сабактарга даярдануу:<br>а) лекциялык<br>б) практикалык<br>в) лабораториялык<br><br>- Жумушчу программаларды түзүү<br><br>- Силлабус түзүү<br><br>- Модулдук система боюнча текшерүүнүн суроолорун, тесттик тапшырмаларды түзүү жана AVN системасына жүктөө<br><br>- Окуу дисциплинасы боюнча дидактикалык материалдарды даярдап чыгаруу<br>- Окуу дисциплинасы боюнча видео жана аудиокаражаттарына жазуу иштерин түзүү, слайддарды жасоо | 10 саат<br><br><br>1 саатка 1 саат<br>1 саатка 1саат<br>1 саатка 1 саат<br><br>1 сабакка 10 саатка чейин<br><br>1 сабакка 10 саатка чейин<br><br>1 иштелме үчүн 10 саатка чейин ( иштелме 30 суроодон кем болбоосу керек)<br><br>1 комплект 40 саат<br><br>1 сабакка 30 саат | Даярдоо<br>Ондоп-түзөө (корректировкалоо<br>Дидактикалык материалдарды иштеп чыгуу(аудиоматериал, видеоматериал, көргөзмө курал ж.б.)<br>Жалпы программалап иштеп чыгуу |
| 2 | Өз алдынча иштерди уюштуруу жана текшерүү<br><br>- Студенттердин өз алдынча иштеринин отчетун талкуулоо боюнча семинар, тегерек стол, конференция өткөрүү | 1 студентке 0.5 саат<br><br>1 студентке 0.5 саат | Өз алдынча иштердин темаларын бекитип даярдоо (30%)<br>Анализдеп текшерүүгө ( 70%) |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3 | Ачык сабактарды өтүү | 1 студентке | Сабактын фрагментин көрсөтүүсү 30% кем болбош керек |
| 4 | Өз ара сабактарга катышуу | 1академиялык саатка 1 саат | |
| 5 | Окуу-усулдук конференциялар, семинарларды даярдап өтүү, катышуу. | 1 студентке 5 саат | Катышууга 40%, даярдыкка 60% |
| 6 | Өз билимин өркүндөтүү боюнча курска катышуу (аныктоочу документи болсо). | Жыл ичинде 50 сааттан ашпоо керек | |

**Окуу-усулдук иштери боюнча жалпы кредит - 19, сааты 570 саат**

## Илимий-усулдук иштерин пландаштыруу ченеми

| к/№ | Иштин түрү | Окуу жүктөмүнө бөлүштүрүлүшү | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| 1 | Илимий макалаларды, баяндамаларды даярдоо жана илимий - практикалык конференцияларга катышуу менен илимий ишин жарыкка чыгаруу. | 20 саат | Окуу-усулдук кеңештин буйругу менен |
| 2 | Студенттердин илимий ишине жетекчилик кылуу менен илимий макаласын жарыкка чыгаруу (семинар, симпозиумдарда доклад жасоо, катышуу). | 20 саат 1 баяндамага | |
| 3 | Багыты жана адистиги боюнча билим берүүнүн программаларын иштеп чыгуу (окуу усулдук комплекс), редактирлөө же башка тилден которуу менен иштеп чыгуу | 20 саатка чейин | |
| 4 | Олимпиаданы уюштуруу жана студенттерди даярдоо, методикалык сунуштарды иштеп чыгуу. | 1 студенке 10 саатка чейин | |

**Илимий-усулдук иштери боюнча жалпы кредит - 4, 120 саат**

## Коомдук-тарбиялык уюштуруу иштерин пландаштыруу ченеми

| к/№ | Иштин түрү | Окуу жүктөмүнө бөлүштүрүлүшү | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| 1 | Жаңы аудитория, кабинет, лабораториялык кааналарды жасалгалоо. | бир кааанага 50 | |

| | | саат. | |
|---|---|---|---|
| 2 | КАКтын педагогикалык кеңешине, илимий-техникалык жана окуу-усулдук кеңешине мүчө катары катышуу<br>- окуу-усулдук кеңешине мүчө катары катышуу | 30 саат-бир окуу жыл ичине<br><br>20 саат-бир окуу жыл ичинде | Буйруктун негизинде кеңештин мүчөлөрүнө |
| 3 | Студенттерге илимий, коомдук-саясий мазмундагы лекция окуу. | 20 саат 1 иш- чарага | Окуу-усулдук кеңештин чечими менен |
| 4 | Коомдук иш-чаралар: маданий-массалык, спорт.ж.б. катышуу. | 20 сааттан ашпайт | |

**Коомдук-тарбиялык уюштуруу иштери боюнча жалпы кредит - 4, 140 саат**

**Практикага жетекчилик кылуу**

| К № | Иштин түрү | Жумуш бирдиги | Убакыт ченеми (коэффициент менен), n-кредиттин саны | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Окуу жана үйрөнчүк практика | 1студентке | 1*n | |
| 2 | Базалык-профессионалдык практика | 1 студентке | 1*n | Чыккан сааттын практика жетекчисине 40%, өндүрүштөгү жетекчисине 60% |
| 3 | Мамлекеттик практика | 1 студентке | 1*n | Чыккан сааттын практика жетекчисине 40%, өндүрүштөгү жетекчисине 60% |

***Эскертүү**
**Практикага жетекчилик кылуу боюнча 1 тайпага жалпы - 15 кредит, 450 саат**
**Анын ичинен о**куу жана үйрөнчүк практика - 3 кредит, 90 саат,
базалык-профессионалдык практика - 5 кредит, 150 саат,
мамлекеттик практика - 7 кредит, 210 саат

**Сырттан окутуу (Дистанттык билим берүү)**

| № | Окутуучулардын иштеринин түрлөрү | Жумуш бирдиги | Убакыт ченеми (саат менен), n-студенттин саны | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Контакттуу сабактарды өтүү. | 1 академиялык саатка 1 саат окуу планы боюнча | 50 минута | Академиялык саат 50 минута |
| 2. | On-line режиминде контакттуу сабактарды өтүү. | Окуу планында каралгандай 1 академиялык тайпага 1 саат | 50 минута | Усулдук көрсөтмөлөр-дүн негизинде жеке сабактар пландалат жана эске алынат |
| 3. | Дистанттык окуу формасындагылар-дын текшерүү иштерин кабыл алуу жана текшерүү. | 1 тайпага (Компьютердик тесттирлөөдөн башка учурда)<br><br>1 тайпага (Компьютердик тесттирлөө учурунда) | 0,5*n<br><br>0,1*n | Дисциплинанын өзгөчөлүгүнө жараша компьютердик тесттирлөөдөн КАКтын педагогикалык кеңешинин чечими менен бошотулат. Тайпадагы студенттин саны 20 дан ашкан учурда, убакыт чени эки эсеге көбөйтүлөт |
| 4. | Өз алдынча иштерди текшерүү | 1 студентке | 0.3*n | Өз алдынча иштердин темаларын бекитип даярдоо (30%)<br>Анализдеп текшерүүгө ( 70%) |
| 5 | Жыйынтыктооч у текшерүүнү кабыл алуу (экзамен). | 1 тайпага (компьютердик тесттирлөөдөн башка учурунда)<br><br>1 тайпага (компьютердик тесттирлөө учурунда) | 0,5*n<br><br>0.1*n | Дисциплинанын өзгөчөлүгүнө жараша компьютердик тесттирлөөдөн КАКтын педагогикалык кеңешинин чечими менен бошотулат<br><br>Тайпадагы студенттин саны 20 дан ашкан учурда, убакыт чени эки эсеге көбөйтүлөт |
| 6 | Мамлекетик сынакты кабыл алуу. | 1 тайпага (компьютердик тесттирлөөдөн башка учурунда)<br><br>1 тайпага (компьютердик тесттирлөө учурунда) | 0,5*n<br><br>0.1*n | Дисциплинанын өзгөчөлүгүнө жараша компьютердик тесттирлөөдөн КАКтын педагогикалык кеңешинин чечими менен бошотулат<br><br>Тайпадагы студенттин саны 20 дан ашкан учурда, убакыт чени эки эсеге көбөйтүлөт |

**Колдонулган адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11 -августундагы №179 «Билим берүү тууралуу» мыйзамы;
2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 30--сентябрындагы Билим берүү системасынын айрым категориядагы кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө №511 токтому;
3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-майындагы № 181 Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө токтому;
4. Окуу жүктөмдөрүн пландоо жана эсепке алуу боюнча убакыт ченеми, Жалал-Абад, 2013
5. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;